КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

СУЗАК РАЙОНУ
БАГЫШ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

СУЗАКСКИЙ РАЙОН
БАГЫШСКИЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

---

**ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ XXI СЕССИЯСЫ**

**ТОКТОМ №1**

**24-август 2026-жыл** **Октябрь айылы**

**«Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген бюджеттин кирешелерине жана чыгымдарына өзгөртүү киргизүү жөнүндө»**

Багыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XXI сессиясы, 2026-жылдын 7 айынын жыйынтыгы менен бекитилген пландан ашыкча жыйналган салыктардын эсебинен киреше планын көтөрүү максатында Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесине ылайык, төмөндөгүдөй

## ТОКТОМ КЫЛАТ

1. 2026-жылдын 7 айынын жыйынтыгы менен бекитилген пландык көрсөткүчтөргө салыштырмалуу кошумча жыйналган (11111100) беренеси боюнча салык агенти төлөөчү киреше салыгынын планы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесине негизинде 8200,0 миң сомго №1-тиркемеге ылайык көбөйтүлсүн.

2. Анын чыгымдоосу бюджеттик баланстуулукту сактоо менен Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 130-беренесине ылайык,2026 жылга бекитилген башкаруу бөлүмүнүн чыгымдары 3488,6 миң сомго №2-тиркемеге ылайык, коммуналдык чарба бөлүмүнүн чыгымдары 3181,4 миң сомго № 3 тиркемегеи ылайык, социалдык камсыздоо бөлүмүнүн чыгымдары 600,0 миэң сомго № 4 тиркемеге ылайык, маданият бөлүлмүнүн чыгымдары 690.0 миң сомго №5 тиркемеге ылайык билим берүү бөлүмүнүн чыгымдары 240,0 миң сомго №6 тиркемеге ылайык көбөйтүлсүн.

3. 2026-жылдын бекитилген бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө бюджеттик классификацияга ылайык өзгөртүү киргизүү жагы СЭӨБ башчысына жүктөлсүн жана планга тактоо киргизүү жагы Кыргыз Республикасынын финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.

4. Аталган токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Багыш айылдык кенешинин бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүү жана экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Жолборсовго жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**